**Долбоор**

**“Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө”**
**Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1-берене. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуу предмети

Ушул Мыйзам Конституцияга жана Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдерге, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине ылайык, Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндигин жүзөгө ашыруунун кепилдиктерин камсыз кылууга багытталган, диний бирикмелердин статусун, укуктарын жана милдеттерин белгилеп, алардын ишмердүүлүгүнө байланыштуу келип чыккан мамилелерди жөнгө салат.

2-берене. Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамдар

1. Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамдар Конституциядан, ушул Мыйзамдан жана башка ченемдик укуктук актылардан турат.

Кыргыз Республикасында кабыл алынуучу жана дин тутуу эркиндигине болгон укукту ишке ашырууга, ошондой эле диний бирикмелердин ишине тиешелүү мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга, ушул Мыйзамга ылайык келүүгө тийиш. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ушул Мыйзамга карама-каршы келген ченемдик укуктук актыларды чыгаруусуна жол берилбейт.

2. Диний кырдаалды турукташтыруу, диний экстремисттик тартипсиздиктерди болтурбоо, Мамлекеттик (улуттук) коопсуздукту камсыз кылуу максатында кошумча ченемдик актыларды белгилөөгө жол берилет.

3-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги терминдер жана түшүнүктөр

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкүдөй негизги терминдер жана түшүнүктөр пайдаланылат:

диний багыттагы предметтер – диний табынууларды, диний чогулуштарды, ырым-жырымдарды жана башка диний иш-аракеттерди  жасоо ъчън зарыл болгон ар кандай предметтер, буюмдар**;**

дин ишмерлери (дин кызматкерлери, дин кызматчылары) **-** дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамдарга ылайык диний уюмдун атынан диний ишти жүзөгө ашыруучу адамдар;

диний адабияттар жана материалдар **-** диний иш-аракетти жүзөгө ашыруунун алкагында диний уюм тарабынан чыгарылуучу, белгилүү бир динге таандык таратылуучу диний мазмундагы диний тексттер, Ыйык жазуулар, ошондой эле башка жарыяланган чыгармалар, диний мазмундагы басма, электрондук, аудио жана видеоматериалдар;

диний бирикме – ушул Мыйзамга ылайык диний уюм түрүндө диний ишти жүзөгө ашыруу максатында түзүлгөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу бирикмеси;

диний билим берүү – диний бирикменин жана жеке адамдын кызыкчылыгы үчүн белгилүү бир диний окуунун негизинде жүзөгө ашырылуучу окутуунун жана тарбиялоонун максаттуу процесси;

кесиптик диний билим берүү – окуп жаткандардын белгилүү диний билим деңгээлине (орто, жогорку же башка)жетишкендигин жана аныкталгандыгын констатациялоо менен коштолгон диний билим берүү.

4-берене. Дин тутуу эркиндигине укуктуулук

1. Кыргыз Республикасында ар бир адамга Конституция, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери жана ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келишимдер тарабынан дин тутуу эркиндиги кепилденет.

2. Ар бир адамдын ар кандай динди өз алдынча эркин жана көз карандысыз тандоо жана тутуу укугу, анын ичинде өз динин же ынанымдарын өзгөртүү, өзүнүн диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө же андан баш тартууга мажбур болбоо укугу абсолюттук коргоого ээ жана эч кандай чектөөгө жатпайт.

3. Кыргыз Республикасынын аймагында жүргөн чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар дин тутуу эркиндиги укугунан пайдаланышат жана ушул Мыйзамдын талаптарын бузгандыгы үчүн мыйзамда белгиленген жоопкерчиликти тартышат.

4. Жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий турмуштун бардык тармактарында алардын динге жана диний же башка ишенимдерине болгон мамилесине карабастан мыйзам алдында бардыгы бирдей.

5. Кыргыз Республикасында төмөнкүлөргө жол берилбейт:

1) динге болгон мамилесине жана диний көз карашына карата басмырлоонун артыкчылыктарын, чектөөлөрүн же башка түрлөрүн белгилөөгө;

2) диний жек көрүүчүлүктү, диний артыкчылыкты үгүттөөгө, басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырууга;

3) психологиялык жана күч колдонуу, коркутуу, зомбулук көрсөтүү жолу менен башка диний окуулардын жолдоочуларын өз динине киргизүүгө багытталган аракеттерге;

4) дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу органда эсептик каттоосуз диний ишти, ошого тете мыйзамсыз диний ишти жүзөгө ашырууга.

6. Мыйзамда каралгандан башка учурларда, өзүнүн диний ынанымдарынын жүйөсү боюнча эч ким мыйзамда белгиленген жарандык милдеттерди аткаруудан качууга укугу жок. Диний ишенимдердин жүйөлөрү боюнча бир милдетти башкасына алмаштырууга "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Мыйзамда каралган учурларда гана жол берилет

5-берене. Мамлекет жана диний бирикмелер

1. Кыргыз Республикасында дин жана диний бирикмелер мамлекеттен ажыратылган. Бардык диндер жана диний бирикмелер мыйзам алдында бирдей. Эч бир дин же дин менен байланышкан башка идеология, анын ичинде атеисттик идеология мамлекеттик же милдеттүү катары белгилениши мүмкүн эмес.

2. Кыргыз Республикасы светтик (конфессиялык-бейтарап) мамлекет болуп эсептелет, ал:

1) динди тутунган жана аны тутунбаган бардык адамдардын, ар кандай диндеги диний бирикмелердин, ошондой эле алардын жолдоочуларынын ортосундагы өз ара толеранттуулук жана урматтоо мамилелерин орнотууга өбөлгө түзөт;

2) менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан мамлекеттик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарында билим берүүнүн динден тышкары мүнөзүн камсыз кылат;

3) бир диндин же дин тутуунун башкаларга карата кандайдыр бир артыкчылыктарын белгилөөгө же чектөөгө жол бербейт;

4) диний бирикмелерге мамлекеттик органдардын, мамлекеттик мекемелердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын аткарууну жүктөбөйт.

3. Диний бирикмелерди мамлекеттен бөлүүнүн конституциялык принцибине ылайык диний бирикмелер өздөрүнүн өзүнүн уюштуруу-институттук түзүмүнө ылайык түзүлөт жана өз ишин жүзөгө ашырат, тиешелүү шарттарга жана талаптарга ылайык жана өздөрүнүн ички түзүлүштөрүндө каралган тартипте өз персоналын шайлайт, дайындайт жана алмаштырат.

4. Жарандын диний бирикмени түзүүгө же анын ишине катышуусу же катышпоосу анын укуктары менен эркиндиктерин чектөө үчүн негиз боло албайт.

5. Кыргыз Республикасында төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) диний негизде партияларды жана башка саясий түзүлүштөрдү түзүүгө, ошондой эле диний бирикмелердин саясий ишке катышуусу же аны каржылоого;

2) диний багыттагы объекттерде шайлоо алдындагы үгүттү, чогулуштарды жана саясий мүнөздөгү башка иш-чараларды өткөрүүгө;

3) диний бирикмелердин жана алардын өкүлдөрүнүн саясий максаттарды көздөшү, мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шайлоого катышууга;

4) диний ишмерлердин мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишине кийлигишүүсүнө, аларга кысым көрсөтүүгө;

5) мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде, ошондой эле Куралдуу Күчтөрдүн бирикмелеринде, бөлүктөрүндө жана бөлүмдөрүндө диний бирикмелерди түзүүгө;

6) иши конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бузууга, социалдык, расалык, улуттар аралык жана диний араздашууну тутандырууга багытталган диний бирикмелердин иштешине.

## 6-берене. Диний билим берүү

1. Ар бир адам ушул Мыйзамда белгиленген жерлерде өзүнчө же башкалар менен биргеликте өз тандоосу боюнча диний билим алууга укуктуу.

2. Жашы жете электерге диний билим берүү ата-энелердин же аларды алмаштыруучу адамдардын өздөрүнүн жашы жетпегендерин өздөрүнүн ынанымдарына жана динге болгон мамилесине ылайык тарбиялоо укугуна жана баланын абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укугуна негизделет.

3. Жашы жете электерге диний билим берүү алардын дене бою, психикалык ден соолугуна жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтирбеши керек.

Жашы жете электер диний ишеними боюнча басмырлоонун ар кандай түрүнөн корголот. Аларга карата диний мажбурлоого, диний бирикменин ишине тартууга, алардын эркине каршы жана алардын ата-энелеринин же аларды алмаштыруучу адамдардын пикирин эске албай, ал эми алар жок болгон учурда – балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын пикирин эске албай динди окутууга тыюу салынат.

4. Диний уюмдар дин кызматкерлерин жана аларга зарыл болгон диний кызматкерлерди даярдоо үчүн алардын уставдарына жана билим берүү жөнүндө мыйзамдарына ылайык кесиптик диний билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу диний окуу жайларды уюштурууга укуктуу.

Жалпы билим берүү дисциплиналарынын минималдуу комплексин диний окуу жайлардын билим берүү программаларына киргизүү милдеттүү жана билим берүү

жаатындагы жана дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен макулдашуу боюнча ишке ашырылат.

Адамдар билим берүү мыйзамдарына ылайык негизги жалпы билимди (9-класс) же жалпы орто билимди (11-класс) алгандан кийин гана диний окуу жайларында окууга укуктуу.

Диний сабактарды диний окуу жайдан тышкары жеке тартипте окутууга тыюу салынат. Ушул бөлүктө каралган талаптарды бузууга күнөөлүү адамдар Укук бузуулар жөнүндө кодекске ылайык жоопкерчилик тартышат.

Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөлүк диний билим берүү мекемелеринде окутууга дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана Борбордук башкаруу органы менен макулдашуу боюнча уруксат берилет, алар ушул окуу жайга Кыргыз Республикасынын жаранына тиешелүү мүнөздөмө беришет.

Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана Борбордук башкаруу органы менен макулдашуусуз чет өлкөлүк диний билим берүү мекемелерине кеткен жана окуган учурда чет өлкөлүк диний билим берүү мекемелеринин диплому Кыргыз Республикасынын аймагында таанылбайт.

5. Диний билим берүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

7-берене. Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын диний бирикмелер менен өз ара мамилелерин координациялоо жана диний чөйрөдө мамлекеттик саясатты түзүү жана ишке ашыруу боюнча ишти жүзөгө ашыруу Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жүктөлөт, анын укуктук абалы, ишинин уюштурулушу жана тартиби Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен аныкталат.

## 2-глава
## Кыргыз Республикасында диний иштерди жүзөгө ашыруучу субъекттердин укуктук абалы

8-берене. Кыргыз Республикасындагы диний иштер

Кыргыз Республикасындагы диний иш – бул динге ишенгендердин диний муктаждыктарын канааттандырууга, диний ишенимдерди жайылтууга, диний тарбия жана билим берүүгө, диний жөрөлгөлөрдү жана чогулуштарды өткөрүүгө, диний буюмдарды, диний адабияттарды жана материалдарды жасоого жана таратууга, диний иштин субъекттеринин практикасын уюштуруучулук жана материалдык жактан камсыз кылууга багытталган иш, диний объекттерди куруу жана реконструкциялоо.

Мыйзамсыз диний иштер – ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда эсептик каттоодон өтпөгөн иш-аракет, же болбосо иш-аракетти ал камтылган аймактан тышкары жерлерде жүзөгө ашыруу, же болбосо диний билим берүү ишин диний окуу жайлардан тышкары жеке тартипте жүзөгө ашыруу.

9-берене. Диний иштерди жүргүзүүчү субъекттер

Кыргыз Республикасынын аймагында диний ишти жүзөгө ашырууга укуктуу субъекттер (мындан ары – диний иштин субъекттери) төмөнкүлөр эсептелет:

1) диний уюм;
2) диний окуу жай;
3) чет өлкөлүк диний уюмдун үгүтчүсү.

10-берене. Диний уюм

1. Диний бирикменин уюштуруу-укуктук формасы болуп ушул Мыйзамда белгиленген тартипте эсептик каттоодон өткөндөн кийин диний керектөөлөрдү канааттандыруу жана диний ишти жүзөгө ашыруу үчүн алардын кызыкчылыктарынын жалпылыгы аркылуу ыктыярдуу негизде Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан түзүлгөн диний уюм саналат.

2. Диний уюм белгилүү бир мөөнөткө, бирок эң көп дегенде беш жылга түзүлүшү мүмкүн. Аталган мөөнөт аяктагандан кийин диний уюм эсептик кайра каттоодон өтөт

3. Диний уюмдар жергиликтүү, региондук жана республикалык болуп бөлүнөт.

11-берене. Диний уюмдун уюштуруучулары жана мүчөлөрү

1. Кыргыз Республикасынын бир районунун аймагында жашаган, аракетке жөндөмдүү 100дөн кем эмес Кыргыз Республикасынын жарандары жергиликтүү диний уюмдун уюмдаштыруучулары болуп саналат.

2. Региондук диний уюмдун уюштурууучулары болуп Кыргыз Республикасынын бир облусунун (Бишкек ш., Ош ш.) аймагында жашаган 500дөн кем эмес аракетке жөндөмдүү Кыргыз Республикасынын жарандары эсептелет.

3. Республикалык диний уюмдун уюштурууучулары болуп Кыргыз Республикасынын 3000ден кем эмес аракетке жөндөмдүү, Кыргыз Республикасынын 5тен кем эмес (пропорционалдуу) облустарында жашаган жарандары эсептелет.

4. Эсептик каттоодон өткөндөн кийин уюштурууучулар диний уюмдун мүчөсү болушат.

12-берене. Диний уюмдун уюштуруу чогулушу

1. Диний уюмдун уюштурууучулары уюштуруу чогулушун чакырып, анда төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алышат:

1) диний уюмду түзүү, анын аталышын жана уставын бекитүү жөнүндө;

2) дайындоо же шайлоо жолу менен башкаруу органдарын түзүү жөнүндө.

2. Уюштуруу чогулушунун ар бир катышуучусу бир добушка ээ.

3. Жарандар уюштуруу чогулушуна жеке өзү катышат. Башка катышуучуга же ишеним кат аркылуу добуш берүүгө жол берилбейт.

4. Уюштуруу чогулушунда ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1-пунктчасында каралган маселе боюнча чечим чогулуштун бардык катышуучуларынын бир добуштан чечими менен, ал эми ушул берененин 1-бөлүгүнүн 2-пунктчасында каралган маселе боюнча, чогулуштун катышуучуларынын жалпы санынын жөнөкөй көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.

13-берене. Диний уюмдун уставы жана ички актылары

1. Диний уюм уставдын негизинде иштейт.

2. Диний уюмдун уставы жарандык мыйзамдардын талаптарына жооп бериши керек.

3. Уставда төмөнкүлөр камтылат:

1) диний уюмдун аталышы жана анын түрү;

2) диний таандыктыгы, иш предмети жана максаттары, милдеттери жана ишинин негизги формалары;

3) диний уюмдун жайгашкан жери, өз ишин жүргүзүүчү аймактын чегинде;

4) диний уюмдун ишинин мөөнөтү;

5) уюмдун түзүмү, анын башкаруу органдары, башкаруу органдарын түзүүнүн тартиби, башкаруу органдарынын компетенциясы, башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү;

6) диний уюмдун укуктары жана милдеттери;

7) диний уюмдун мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери;

8) уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби;

9) диний уюмдун акча каражаттарынын жана башка мүлктөрүнүн пайда болуу булактары;

10) диний уюмдун иши токтотулган учурда акча каражаттарын жана башка мүлктү тескөө тартиби;

11) ишин кайра уюштуруунун жана токтотуунун тартиби.

4. Устав диний уюмдун ишинин өзгөчөлүктөрүнө кирген жана жарандык мыйзамдарга жана ушул Мыйзамга карама-каршы келбеген башка жоболорду камтышы мүмкүн.

5. Диний уюмдун ички актылары ушул берененин 3-бөлүгүндө аталбаган маселелерди аныктайт, алар диний уюмдун ишинин өзгөчөлүктөрүнө кирет, жарандык мыйзамдарга жана ушул Мыйзамга карама-каршы келбейт.

14-берене. Диний уюмдун аталышы жана символдору

1. Диний уюмдун аталышы жана символдору анын диний таандыктыгын камтууга тийиш.

2. Диний уюмдун толук жана кыскартылган аталышы жана анын символдору төмөнкүлөрдү камтыбашы керек:

1) расмий толук же кыскартылган аталышында Кыргыз Республикасын көрсөтүү;

2) Кыргыз Республикасынын жана башка мамлекеттердин мамлекеттик символдорун толук же олуттуу бөлүгүндө кайталоо;

3) Кыргыз Республикасында катталган мамлекеттик органдардын, диний уюмдардын аталышын жана символдорун колдонуу;

4) дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамдарды, “Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө” Мыйзамды бузууга байланыштуу тыюу салынган жана (же) жоюлган диний бирикмелердин аталышын жана символдорун пайдалануу;

5) мамлекеттик (муниципалдык) органдардын аталыштарын, ошондой эле саясий (атайын) жана жогорку административдик мамлекеттик кызматтарга тиешелүү кызматтардын аталыштарын колдонуу.

3. Диний уюм өз ишин жүргүзүүдө өзүнүн аталышын көрсөтүүгө милдеттүү.

15-берене. Диний уюмдарды башкаруунун борбордук органдары

1. Бир диндеги диний уюмдар өз ыктыяры менен бир диний борбордук башкармалыкты түзө алышат.

2. Борбордук башкаруу органы эсептик каттоодон өткөн жана Кыргыз Республикасынын тогуздан кем эмес региондорунда (облустарда, Бишкек, Ош шаарларында) иштеген тиешелүү конфессиянын диний уюмдарынын уюштуруу чогулушу (курултай, конференция ж.б.) тарабынан түзүлөт, анда Борбордук бирикмени түзүү жөнүндө чечим кабыл алынат, анын уставы бекитилет, башкаруунун жетекчи жана башка органдары түзүлөт.

3. Кыргызстан Мусулмандарынын дин башкармалыгы Кыргыз Республикасынын мусулмандар башкармалыгынын борбордук органы болуп саналат.

4. Диний уюмдардын борбордук органынын аталышы дин тутууга таандыктыгын, анын ишинин негизги предметин "диний башкаруу"деген сөздү кошуу менен камтылышы керек.

16-берене. Диний окуу жайы

1. Диний окуу жайынын уюштуруучусу жана менчик ээси болуп диний уюм эсептелет.
2. Диний окуу жайлар юридикалык жак катары мекеменин уюштуруу-укуктук формасында түзүлөт.
3. Диний окуу жайдын аталышы ушул Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын эске алуу менен “диний окуу жай” деген сөздөрдү кошуу менен диний ишенимдүүлүккө таандыктыгын көрсөтүүнү камтышы керек.

17-берене. Чет өлкөлүк диний уюмдун үгүтчүсү

Ушул Мыйзамга ылайык ушул уюмдун атынан Кыргыз Республикасынын аймагында убактылуу диний иш жүргүзгөн чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам чет өлкөлүк диний уюмдун үгүтчүсү болуп саналат

18-берене. Диний уюмду жана диний окуу жайын мамлекеттик каттоо

1. Жарандык карым-катнаштардын субъектиси катары жарандык-укуктук мамилелерге катышуу, өздөрүнүн граждандык укуктарын сатып алуу, ишке ашыруу жана коргоо:
1) диний уюм юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгүнө ээ;
2) диний окуу жайы юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгүнө ээ болууга милдеттүү.
2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө аталган субъекттер ушул Мыйзамда белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жарандык мыйзамдарга ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат.
3. Диний уюмдар жана диний окуу жайлар өздөрүнүн филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн ачууга укуксуз.

19-берене. Диний иштин субъекттерин эсептик каттоо (кайра каттоо)

1. Ушул Мыйзамга ылайык дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда (мындан ары - каттоочу орган) эсептик каттоосуз (кайра каттоосуз) Кыргыз Республикасынын аймагында диний ишти жүргүзүүгө жол берилбейт жана Укук бузуулар жөнүндө кодекске ылайык жоопкерчилик тартат.
2. Эсептик каттоо (кайра каттоо) төмөнкү максаттарда жүргүзүлөт:
1) адамдын жана жарандын дин тутуу эркиндигине болгон укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу;
2) конституциялык түзүлүштү жана улуттук коопсуздукту коргоо;
3) диний иш жүргүзүп жаткан субъекттердин эсебин алуу;
4) диний иштин субъекттеринин, диний багыттагы объектилердин жана сыйынуу бөлмөлөрүнүн түзүлгөндүгүнүн жана ишинин токтотулгандыгынын фактысын күбөлөндүрүү;
5) катталган диний иштин субъекттеринин, диний багыттагы объектилердин жана сыйынуу жайлардын Мамлекеттик реестрин жүргүзүү;

6) диний иштин субъекттеринин, диний багыттагы объектилердин жана сыйынуу жайларынын ишин контролдоо жана мониторинг жүргүзүү.

3. Диний иштин субъекттерин эсептик каттоо ушул Мыйзамда белгиленген тартипте каттоочу орган тарабынан жүргүзүлөт.

4. Диний иштин субъекттери каттоочу орган тарабынан эсептик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө чечим кабыл алынган учурдан тартып диний ишти жүзөгө ашыруу укугуна ээ болот.

5. Диний иштин субъекттерин эсептик каттоо (кайра каттоо) маалыматтардын аныктыгын жана алардын ушул Мыйзамга ылайык келишин текшерүү үчүн зарыл документтерди тиркөө менен арыз берилген күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде жүргүзүлөт.

6. Эсептик каттоо (кайра каттоо) үчүн документтер электрондук формада, мамлекеттик же расмий тилде берилет. Документтерди электрондук формада берүү тартиби Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

7. Чет тилде түзүлгөн документтер мамлекеттик же расмий тилге нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосу менен берилет.

8. Берилген чет өлкөлүк расмий документтер апостилдөө же консулдук мыйзамдаштыруу жолу менен мыйзамдаштырылышы керек.

9. Каттоочу орган арыз ээсинин документтерин террористтик жана экстремисттик уюмдарга жана террористтик ишке катыштыгы болушу мүмкүндүгү жөнүндө корутунду алуу үчүн ички иштер жана улуттук коопсуздук органдарына жиберет. Мында текшерүүнүн мөөнөтү 14 жумуш күндү түзөт.

Улуттук коопсуздук органдары диний иштин уюштуруучуларын жана субъекттерин террористтик жана экстремисттик ишке, кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) катышы бар жактардын эл аралык жана улуттук тизмелери боюнча текшерет.

10. Эгерде диний мүнөздөгү талаш маселелер болсо каттоочу орган көз карандысыз эксперттерди тартуу менен мамлекеттик диний экспертизаны дайындайт жана арыз ээсине көрсөтүлгөн экспертизага документтерди жөнөтөт.

11. Ушул берененин 9 жана 10-бөлүктөрүндө аталган учурларда арызды жана ага тиркелген документтерди кароо мөөнөтү 30 (отуз) календардык күнгө узартылат.

12. Ушул Мыйзамда белгиленген документтер берилбеген же берилген документтер ылайык келбеген, берилген документтерде камтылган маалыматтарда так эместиктер же дал келбестиктер табылган учурда, каттоочу орган аларды кетирилген тартип бузууларды көрсөтүү менен арыз ээсине кайтарып берет.

Арыз ээси кемчиликтерди четтеткенден кийин арызды зарыл болгон документтерди тиркөө менен кайра тапшыра алат.

Диний иштин субъекти каттоочу органдын арызды жана ага тиркелген документтерди кайтарып берүү жөнүндө чечимине “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” Мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

13. Каттоочу орган эсептик каттоодон (кайра каттоодон)өткөн диний иштин субъекттеринин, диний багыттагы объекттердин жана сыйынуу бөлмөлөрүнүн документтерин эсепке алууну жана сактоону камсыз кылат.

14. Жеке мүнөздөгү маалыматтарды тиешелүү түрдө сактоо жана колдонуу боюнча жоопкерчилик каттоочу органга жүктөлөт.

20-берене. Диний иштин субъекттерин каттоого (кайра каттоого) алынгандыгы жөнүндө күбөлүк

1. Берилген документтердин ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык келишин кароонун натыйжалары боюнча жана эсептик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө кабыл

алынган чечимдин негизинде каттоочу орган эсептик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө белгиленген формадагы күбөлүктү (мындан ары – күбөлүк) берет.

2. Күбөлүк диний уюмду эсептик каттоо (кайра каттоо) фактысын ырастоочу документ болуп саналат. Күбөлүктүн формасы Министрлер кабинети тарабынан бекитилет

3. Күбөлүк жоголгон же бузулган учурда каттоочу орган диний иштин субъектисинин арызынын негизинде 14 (он төрт) жумуш күндүн ичинде "дубликат" деген белги менен күбөлүктүн дубликатын берет.

Күбөлүктүн дубликатын берүү жөнүндөгү арызга каттоочу орган белгилеген жалпыга маалымдоо каражаттарынын биринде жарыяланган күбөлүктүн жоголгондугу, бузулгандыгы жана жараксыздыгы жөнүндө кулактандыруу тиркелет.

4. Эсептик каттоодо (кайра каттоодо) жана күбөлүктүн дубликатын алууда Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген өлчөмдө акы алынат.

21-берене. Диний иштин субъекттерин эсептик каттоодон (кайра каттоодон) баш тартуу

1. Каттоочу орган диний иштин субьектин эсептик каттоодон (кайра каттоодон) төмөнкү учурларда баш тартат:

1) ушул Мыйзамда белгиленген диний иштин субъектисин түзүүнүн, кайра каттоонун тартиби бузулса;

2) диний иштин субъекттеринин Мамлекеттик реестринде ушундай эле аталыштагы катталган (кайра катталган) диний иштин субъектисинин, диний багыттагы объекттердин жана намазканаларынын болушу;

3) мамлекеттик дин таануу экспертизасынын терс корутундусу болсо;

4) ыйгарым укуктуу мамлекеттик ички иштер же улуттук коопсуздук органынын терс корутундусу болсо;

5) эгерде диний иштин субъектисинин уюштуруучусу (мүчөсү) жана (же) жетекчиси болуп саналган жеке жак сот тарабынан аракетке жөндөмсүз, аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген, дайынсыз жок деп таанылса, каза болду деп жарыяланса;

6) эгерде диний иштин субъектисинин уюштуруучусу (мүчөсү) жана (же) жетекчиси болуп саналган жеке жактын соттолгондугу жоюлбаган же алып салынбаган болсо;

7) инсандыгын ырастоочу жоголгон жана (же) жараксыз документтер берилсе;

8) Кыргыз Республикасынын аймагында диний ишти жүзөгө ашырууга тыюу салуу жөнүндө соттун чечими болсо.

2. Эсептик каттоодон (кайра каттоодон) баш тартуу жөнүндө чечим баш тартуунун негиздерин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө берилет.

3. Диний иштин субъектиси эсептик каттоодон (кайра каттоодон) баш тартуу жөнүндө чечимге "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

22-берене. Диний уюмдарды эсептик каттоонун өзгөчөлүктөрү

1. Төмөнкү адамдар диний уюмдарды эсептик каттоого арыз берүүчү катары чыга алышат:

1) уюштуруу чогулушунда ыйгарым укук берилген диний уюмдун уюштуруучусу;

2) диний уюмдун жетекчиси;

3) ишеним каттын негизинде аракеттенген башка адам.

2. Арыз ээси каттоочу органга түзүлүп жаткан диний уюмдун аталышын алдын ала текшерүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылууга укуктуу.

3. Диний уюмду эсептик каттоо төмөнкү документтердин негизинде жүргүзүлөт:

1) Арыз ээси кол койгон, каттоочу орган белгилеген форма боюнча эсептик каттоо жөнүндө арыз;

2) жарандардын, диний уюмдун уюштуруучуларынын жана уюштуруу чогулушунун катышуучуларынын фамилиясын, атын, атасынын атын (бар болсо), туулган датасын, жарандыгын, каттоо дарегин, паспорттук маалыматтарын көрсөтүү менен жыйындын төрагасы жана катчысы тарабынан кол коюлган бир нускадагы уюштуруу чогулушунун протоколу;

3) диний уюмдун жетекчиси кол коюп, тигилген диний уюмдун уставы;

4) диний окуунун негиздери жана ага тиешелүү практика жөнүндө, анын ичинде анын пайда болуу тарыхы жөнүндө, анын ишинин формалары жана методдору жөнүндө, үй-бүлөгө жана никеге, билим берүүгө болгон мамилеси, ушул динди тутунгандардын ден соолугуна болгон мамилесинин өзгөчөлүктөрү, уюмдун мүчөлөрү жана кызматчылары үчүн жарандык укуктарга жана милдеттерге карата чектөөлөр жөнүндө маалыматтар;

5) тиешелүү аймакта түзүлүп жаткан диний уюмдун жайгашкан жерин ырастоочу документ (өзүнүн имарат-жайын сатып алуу-сатуу келишими, ижара келишими, имарат-жайды акысыз берүү келишими);

6) пайдаланууга берилген курулуп бүткөн имараттын, курулманын ылайыктуулугун баалоо актысынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү же диний уюм жайгашкан шаар куруу жана архитектура жөнүндө мыйзамдарга ылайык жайдын техникалык паспорту.

4. Диний уюмдун турган жери болуп аны эсептик каттоо жөнүндө күбөлүктө көрсөтүлгөн жер саналат.

5. Туруктуу иш жүргүзгөн орду катары турак жайларды колдонууга жол берилбейт, ошондой эле диний уюмдун турган жеринин дареги катары турак жайдын дарегин көрсөтүүгө жол берилбейт.

### 23-берене. Диний уюмду эсептик кайра каттоонун өзгөчөлүктөрү

1. Диний уюм төмөнкү учурларда эсептик кайра каттоодон өтүүгө милдеттүү:

1) кайра уюштурулганда;

2) аталышы өзгөргөндө;

3) уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенде;

4) уставдын жаңы редакциясы бекитилгенде;

5) диний уюмдун башкаруу органы тарабынан кайра каттоо жөнүндө чечим кабыл алынганда;

6) диний уюмду мажбурлап кайра каттоо жөнүндө соттун чечими кабыл алынганда;

7) күбөлүктө белгиленген мөөнөт аяктаганда.

2. Диний уюм ушул берененин 1-бөлүгүндө саналып өткөн негиздердин жок дегенде бирөө болсо, тиешелүү чечим кабыл алынган учурдан тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде эсептик кайра каттоодон өтүү үчүн каттоочу органга зарыл документтерди берүүгө милдеттүү.

3. Эсептик кайра каттоо, ушул берененин жоболорун эске алуу менен, диний уюмду эсептик каттоодон өткөргөн тартипте жана мөөнөттө каттоочу орган тарабынан жүргүзүлөт.

### 24-берене. Диний окуу жайын эсептик каттоонун өзгөчөлүктөрү

1. Төмөнкү адамдар диний окуу жайын эсептик каттоого арыз берүүчү катары чыга алышат:

1) уюштуруучу;

2) диний окуу жайынын жетекчиси;

3) ишеним каттын негизинде аракеттенген башка адам.

2. Арыз ээси түзүлүп жаткан диний окуу жайынын аталышын алдын ала текшерүү үчүн каттоочу органга кайрылууга укуктуу.

3. Диний окуу жайын эсептик каттоо төмөнкү документтердин негизинде жүргүзүлөт:

1) арыз ээси кол койгон каттоочу орган белгилеген форма боюнча эсептик каттоо жөнүндө арыз;

2) уюштуруучу тарабынан бекитилген, тигилген жана диний окуу жайдын жетекчисинин колу коюлган устав;

3) диний окуу жайын түзүү жөнүндө уюштуруучунун чечими;

4) уюштуруучу тарабынан күбөлөндүрүлгөн уюштуруучунун уставынын көчүрмөсү;

5) диний уюм катары мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн уюштуруучу тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

6) окутууда колдонулуучу диний адабияттардын тизмеси менен окуу программасы;

7) уюштуруучу тарабынан бекитилген окутуучулардын сапаттык курамы;

8) тиешелүү санитардык-эпидемиологиялык, өрттөн сактоо кызматтарынан маалымкат-корутундулар;

9) финансылык ресурстардын бар экендигин ырастоо;

10) ошол аймакта диний окуу жайдын жайгашкан жерин ырастоочу документ (өзүнүн имарат жайын сатып алуу-сатуу келишими, ижара келишими, имарат жайды акысыз берүү келишими);

11) пайдаланууга берилген курулуп бүткөн имараттын, курулманын ылайыктуулугун баалоо актысы же диний окуу жай жайгашкан жайдын техникалык паспорту.

4. Диний окуу жай турган жери болуп аны эсептик каттоо жөнүндө күбөлүктө көрсөтүлгөн жер саналат.

5. Турак жайды диний иш-аракетти туруктуу жүзөгө ашыруучу жер катары пайдаланууга, ошондой эле турак жайдын дарегин диний окуу жайдын жайгашкан дареги катары көрсөтүүгө жол берилбейт.

25-берене. Диний окуу жайын эсептик кайра каттоонун өзгөчөлүктөрү

1. Диний окуу жайы төмөнкү учурларда эсептик кайра каттоодон өтүүгө милдеттүү:

1) кайра уюштурулганда;

2) аталышы өзгөргөндө;

3) уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенде;

4) уставдын жаңы редакциясы бекитилгенде;

5) уюштуруучутарабынан кайра каттоо жөнүндө чечим кабыл алынганда;

6) диний окуу жайды мажбурлап кайра каттоо жөнүндө сот тарабынан чечим кабыл алынганда.

2. Диний окуу жайы, ушул берененин 1-бөлүгүндө саналып өткөн негиздердин жок дегенде бири болгондо, тиешелүү чечим чыгарылган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде, эсептик кайра каттоодон өтүү үчүн каттоочу органга зарыл документтерди берүүгө милдеттүү.

3. Эсептик кайра каттоо диний окуу жайды эсептик каттоого алуу тартибинде жана ошол эле мөөнөттө каттоочу орган тарабынан жүргүзүлөт.

26-берене. Каттоочу органга кабар берүү

Диний уюм, диний окуу жайы чечим кабыл алынган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде төмөнкүдөй өзгөрүүлөрдү каттоочу органга билдирүүгө милдеттүү:

1) алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, паспорттук маалыматтарын көрсөтүү менен диний уюмдун мүчөлөрүнүн курамын;

2) жаңы негиздөөчүнүн атын жана жайгашкан жерин көрсөтүү менен диний окуу жайынын уюштуруучусун;

3) жайгашкан жерин (юридикалык дарегин);

4) алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, паспорттук маалыматтарын көрсөтүү менен, жетекчи органдын курамын, жетекчисин;
5) телефондун, факстын номерин, электрондук дарегин;
6) жетекчинин паспорттук маалыматтарын.

27-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына кабар берүү

1. Диний уюм, диний окуу жай 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде өз ишин жүзөгө ашырган жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына кабарлоого милдеттүү:
1) өткөрүлгөн эсептик каттоо, жайгашкан жери жана жетекчиси, анын жашаган жери, телефон номерлери жана паспорттук маалыматтары жөнүндө;
2) эсептик кайра каттоо жөнүндө;
3) ушул Мыйзамдын 29-беренесинде аталган маалыматтардын өзгөргөндүгү жөнүндө.
2. Тиешелүү кабарламанын көчүрмөсү 5 (беш) жумуш күндүн ичинде диний уюм, диний окуу жай тарабынан каттоочу органга берилет.

28-берене. Чет өлкөлүк диний уюмдун үгүтчүсүн эсептик каттоонун өзгөчөлүктөрү

1. Дин ишин жүргүзүү максатында Кыргыз Республикасына келген чет өлкөлүк үгүтчү эсептик каттоодон өтүүгө милдеттүү.
Чет өлкөлүк үгүтчү эсептик каттоого алуу үчүн чакыруучу тарап төмөнкү документтерди тапшырат:
1) арыз ээси кол койгон каттоочу орган белгилеген форма боюнча эсептик каттоо жөнүндө арыз;
2) арыз ээси кол койгон каттоочу орган белгилеген форма боюнча үгүтчүнүн анкетасы;
3) паспорттун көчүрмөсү;
4) үгүтчүнүн Кыргыз Республикасынын аймагында болуу мөөнөтүн көрсөтүү менен чет өлкөлүк диний уюмдардан жолдомосу;
5) үгүтчүнүн Кыргыз Республикасынын аймагында болушу үчүн диний уюмдун чакыруусу;
6) чакыруучу диний уюмдан алардын үгүтчүсүнүн диний ишмердүүлүгү үчүн ошол уюмдун жоопкерчилигин караган кепилдик каты.
2. Чет өлкөлүк үгүтчү эсептик каттоодон өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын аймагында бир жылдан ашпаган мөөнөткө диний иштерди жүзөгө ашыруу укугуна ээ болот.
Көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин чет өлкөлүк үгүтчүнү чакырган тарап каттоочу органга диний ишти жүзөгө ашыруу мөөнөтүн узартуу жөнүндө арыз менен кайрылууга укуктуу.
Арызга анын Кыргыз Республикасынын аймагында болуу мөөнөтүн көрсөтүү менен чет өлкөлүк диний уюмдан анын диний ишин андан ары улантууга жолдомосу тиркелет.
3. Каттоочу орган чет өлкөлүк үгүтчүгө карата анын дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамдарды бузбагандыгы боюнча арызын карайт, анын жыйынтыгы боюнча диний ишти жүзөгө ашыруу мөөнөтүн узартуу же мөөнөтүн узартуудан баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат.
Чет өлкөлүк үгүтчүнүн диний ишин жүргүзүү мөөнөтүн узартуудан баш тартуу дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндөгү мыйзамдарга таянуу менен мотивациялоого тийиш.
4. Чет өлкөлүк үгүтчүгө күбөлүк берүүдө Кыргыз Республикасында болуунун тартиби, анын ичинде диний ишти жүзөгө ашыруунун мөөнөтүн узартуунун тартиби, Кыргыз Республикасында болуунун тартибин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик түшүндүрүлөт.

5. Чет өлкөлүк үгүтчү тиешелүү мамлекеттик органдын уруксатысыз Кыргыз Республикасында эмгектенүүгө же жеке ишкердик кылууга укуксуз.

6. Чет өлкөлүк үгүтчү аны чакырган диний уюмдун иштери тараган аймакта гана иш жүргүзө алат

7. Эсептик каттоодон (кайра каттоодон) кийин чет өлкөлүк үгүтчү 5 (беш) жумуш күндүн ичинде өз ишин жүзөгө ашырган жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына эсептик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү, жашаган жери, байланыш жана паспорттук маалыматтары жөнүндө кабарлайт. Көрсөтүлгөн кабарлоону ырастоочу документ 5 (беш) жумуш күндүн ичинде чет өлкөлүк үгүтчү тарабынан каттоочу органга берилет.

29-берене. Сыйынуу жайын эсептик каттоо (кайра каттоо)

1. Сыйынуу жайы болуп имараттагы же өзүнчө курулуштагы коомдук кирүү мүмкүнчүлүгү бар жана жалаң гана намаз окуу максатында пайдаланылуучу жай эсептелет.

2. Сыйынуу жайы юридикалык жак, филиал же өкүлчүлүк болуп эсептелбейт.

3. Сыйынуу жайы эсептик каттоодон өткөндөн кийин гана колдонулушу мүмкүн.

4. Кыргыз Республикасынын аймагындагы сыйынуу жайын эсептик каттоо (кайра каттоо), каттоочу орган тарабынан юридикалык же жеке жактардын арызы боюнча ушул Мыйзамда белгиленген тартипте ишке ашырылат.

5. Эсептик каттоо (кайра каттоо) үчүн төмөнкү документтер берилет:

1) каттоочу орган тарабынан белгиленген формада жеке же юридикалык жактан, сыйынуу жайынын ээсинен эсептик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө арыз;

2) сыйынуу жайына ээлик кылууну же убактылуу пайдаланууну ырастоочу документ (сатуу-сатып алуу келишими, ижара келишими, насыя келишими, расмий кат).

6. Арызды кароо ушул Мыйзамдын 20-беренесинде белгиленген тартипте жана мөөнөттө жүргүзүлөт.

7. Сыйынуу жайынын иштеши, эсептик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып башталат, бул тууралуу белгиленген формадагы күбөлүк берилет.

8. Эсептик каттоодон (кайра каттоодон) кийин түздөн-түз намазкананын ээси 5 (беш) жумуш күндүн ичинде намаз окулуучу жайдын жайгашкан жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына болуп өткөн эсептик каттоо (кайра каттоо), намазкананын жайгашкан орду жана ээси жөнүндө маалыматтар: анын катталган дареги, телефон номерлери, электрондук почта дареги, паспорттук маалыматтары жөнүндө кабарлайт.

Аталган кабарлоону ырастоочу документ, 5 (беш) жумуш күндүн ичинде намазкананын ээси тарабынан каттоочу органга берилет.

9. Көп квартиралуу турак үйлөрдө (биринчи же цоколдук кабаттагы турак эмес жайлардан тышкары) мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарында намазкана ачууга тыюу салынат. Бул талапты бузган адам Укук бузуулар жөнүндө кодекске ылайык жоопкерчилик тартат.

10. Намазкананы каттоого байланыштуу жеке маалыматтардын сакталышы жана колдонулушу үчүн жооптуу болуп каттоочу орган эсептелет.

30-берене. Диний багыттагы объектилерди каттоо (кайра каттоо)

1. Диний багыттагы объекти болуп диний иштер үчүн пайдаланылуучу имарат, курулуш, курулма же курулмалардын комплекси эсептелет.

2. Диний багыттагы объект жеке менчик, убактылуу пайдалануу, анын ичинде ижара укугунда, диний уюмда же диний окуу жайда болушу мүмкүн.

3. Кыргыз Республикасынын аймагында диний багыттагы объект эсептик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндөн кийин гана пайдаланылышы мүмкүн.

4. Диний багыттагы объектини эсептик каттоо (кайра каттоо) ушул Мыйзамда белгиленген тартипте диний уюмдун арызы боюнча каттоочу орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

5. Эсептик каттоо (кайра каттоо) үчүн төмөнкү документтер берилет:

1) каттоочу орган тарабынан белгиленген формада эсептик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө арыз;

2) диний объектке ээлик кылууну же убактылуу пайдаланууну ырастоочу документ (сатып алуу-сатуу келишими, ижара келишими, насыя келишими, расмий кат);

3) диний багыттагы объекттин: имараттардын, курулуштардын, курулмалардын пайдалануунун талаптарына шайкештиги жөнүндө документ (жаңы курулуп бүткөн объектилер үчүн пайдаланууга берүү актысы же техникалык паспорту).

7. Арызды кароо ушул Мыйзамдын 20-беренесинде белгиленген тартипте жана мөөнөттө жүргүзүлөт.

8. Диний багыттагы объекттин иштеши эсептик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып башталат, бул жөнүндө белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берилет.

9. Эсептик каттоодон (кайра каттоодон) кийин 5 (беш) жумуш күндүн ичинде диний багыттагы объекттин менчик ээси диний объект жайгашкан жер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына болуп өткөн эсептик каттоо (кайра каттоо), диний объект жайгашкан жер жана менчик ээси жөнүндө маалыматтар: анын каттоосунун аталышы, дареги, телефон номерлери, электрондук почта дареги, паспорттук маалыматтары жөнүндө кабарлайт.

Көрсөтүлгөн кабарлоону ырастоочу документ 5 (беш) жумуш күндүн ичинде диний багыттагы объектинин ээси тарабынан каттоочу органга берилет.

10. Диний багыттагы объектти каттоого байланыштуу жеке маалыматтардын сакталышы жана колдонулушу үчүн жооптуу болуп каттоочу орган эсептелет.

11. Диний багыттагы объекттерди куруу, реконструкциялоо, кайра профилдөө тартибинин өзгөчөлүктөрү Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

31. Диний иштин субъекттерин кайра уюштуруу

1. Диний уюмду жана диний окуу жайды кайра уюштуруу жарандык мыйзамдарда, уставда каралган негиздер боюнча жана тартипте, болбосо соттун чечими боюнча жүзөгө ашырылат.

2. Диний уюм жана диний окуу жай башка уюштуруу-укуктук формадагы юридикалык жакка кайра түзүлүшү мүмкүн эмес.

32-берене. Диний иштин субъекттеринин, диний багыттагы объекттердин, сыйынуу жайларынын ишин ыктыярдуу тартипте токтотуу

1. Диний иштин субъекттеринин, диний багыттагы объекттердин, сыйынуу жайларынын ишин ыктыярдуу тартипте токтотууга негиздер болуп төмөнкүлөр саналат::

1) диний уюмдар үчүн – Устав менен ыйгарым укук берилген органдын чечими;

2) диний окуу жайлары үчүн – уюштуруучунун чечими;

3) чет өлкөлүк үгүтчү үчүн – үгүтчү анын атынан Кыргыз Республикасынын аймагында диний иш жүргүзгөн чет өлкөлүк диний уюмдун чечими же болбосо чакыруучу тараптын чечими;

4) диний багыттагы объект үчүн – Устав менен ыйгарым укук берилген органдын чечими;

5) сыйынуу жайлары үчүн – сыйынуу жайдын ээсинин чечими.

2. Диний иштин субъекттеринин, диний багыттагы объекттердин, сыйынуучу жайлардын ишин токтотуу каттоочу орган алардын ишин токтотуу жөнүндө чечим чыгарган күндөн тартып аяктады деп эсептелет.

Ишти токтотуу жөнүндө чечим чыгаруу үчүн каттоочу органга төмөнкүлөр берилет:

1) диний иштин субъекттери – арыз, диний иштин субъектисинин ыйгарым укуктуу органынын тиешелүү чечими, эсептик каттоо/кайра каттоо жөнүндө күбөлүк, устав / жобо;

2) диний багыттагы объекттердин, сыйынуучу жайлардын ээлери – арыз, ээсинин тиешелүү чечими, эсептик каттоо/кайра каттоо жөнүндө күбөлүк.

3. Диний иштин субъекттеринин ишин ыктыярдуу тартипте токтотуу жарандык мыйзамдарга жана "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" Мыйзамга ылайык юридикалык жакты жоюу же кайра уюштуруу үчүн негиз болуп саналат.

33-берене. Диний иштин субъекттеринин, диний багыттагы объектилердин жана сыйынуу жайларынын Мамлекеттик реестри

1. Кыргыз Республикасынын диний иштин субъекттеринин, диний багыттагы объекттердин жана сыйынуу жайларынын мамлекеттик реестрине (мындан ары - - Мамлекеттик реестр) Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан кабыл алынган каттоо (кайра каттоо), кайра уюштуруу жана токтотуу жөнүндө тиешелүү чечимдин же болбосо аларды жоюу же алардын ишине тыюу салуу жөнүндө соттун чечиминин негизинде тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып 7 (жети) жумушчу күндүн ичинде диний иштин субъекттерин, диний багыттагы объекттерди жана сыйынуу жайларын түзүү, кайра уюштуруу жана ишин токтотуу жөнүндө маалыматтар, ошондой эле алар менен байланышкан башка маалыматтар киргизилет.

2. Мамлекеттик реестрди жүргүзүү дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт.

## 3-глава
## Диний уюмдардын жана диний окуу жайлардын мүлктүк абалы

34-берене. Диний уюмдардын жана диний окуу жайлардын менчиги

1. Диний уюмдардын жана диний окуу жайлардын менчигинде имараттар, курулуштар, диний багыттагы буюмдар, өндүрүштүк, социалдык жана кайрымдуулук багытындагы объекттер, алардын ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон акча каражаттары жана башка мүлк болушу мүмкүн.

2. Диний уюмдар жана диний окуу жайлар өздөрүнүн каражаттарынын эсебинен сатып алынган же түзүлгөн, жарандар, коомдук уюмдар тарабынан кайрымдуулукка берилген (мураска калтырылган), ошого тете жарандык мыйзамдарда каралган башка негиздер боюнча алынган мүлккө менчик укугуна ээ болушат.

3. Диний уюмдар жана диний окуу жайлар ыктыярдуу финансылык жана башка кайрымдуулук үчүн кайрылууга жана аларды алууга укуктуу.

4. Мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү диний иштин субъекттерине менчикке же башка укукка акысыз берүүгө тыюу салынат.

35-берене. Юридикалык жана жеке жактардын менчигинде турган мүлктөрдү пайдалануу

1. Диний уюмдар жана диний окуу жайлар өздөрүнүн муктаждыктары үчүн юридикалык жана жеке жактар тарабынан келишимдик негизде берилген имараттарды жана мүлктөрдү жарандык мыйзамдарда белгиленген тартипте пайдаланууга укуктуу.

2. Эгерде мыйзамда башкача белгиленбесе, имараттарга жана мүлккө ээлик кылууга жана пайдаланууга тиешелүү маселелер боюнча талаштар сот тартибинде чечилет.

36-берене. Диний иштин субъекттеринин өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттери

1. Диний иштин субъекттери жарандык мыйзамдарга ылайык чарбалык субъекттерди түзүүгө укуктуу.

2. Диний иштин субъекттери өздөрүнүн уставдык максаттарына жетишүү үчүн чарбалык, анын ичинде өндүрүштүк иш-аракеттерди жүргүзүү укугуна ээ.

3. Диний иштин субъекттеринин өндүрүштүк иш-аракеттерден алган пайдасына жана башка кирешелерине Салык кодексине ылайык салык салынат.

4. Түшкөн финансылык каражаттар, кайыр садагалар, гуманитардык жардамдар жана башка мүлктөр диний иштин субъекттеринин бухгалтериялык документтеринде милдеттүү тартипте эсепке алынат.

5. Диний иштин субъекттеринин финансылык-бухгалтериялык отчеттуулугу бухгалтердик эсеп жөнүндө мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт.

6. Диний иштин субъекттеринин финансылык-чарбалык иш-аракеттерин контролдоо алардын уставына, ушул Мыйзамга жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык ишке ашырылат.

37-берене. Диний иштин субъекттеринин социалдык, кайрымдуулук жана маданий-агартуучулук иштери

1. Диний иштин субъекттери социалдык камсыздандыруу жана социалдык камсыздоо жөнүндө мыйзамдарына ылайык социалдык, кайрымдуулук жана маданий-агартуу иштери менен алектене алышат.

2. Диний иштин субъекттери адамдын жалпы кабыл алынган укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этноско таандыктыгына, динге ишенгендигине, жаш курагына, саясий же башка ынанымдарына, билимине, тегине, мүлктүк же башка абалына карата басмырлоону жоюу, анын ичинде эрте жана зордук-зомбулук менен никеге турууну азайтуу, Кыргызстан элинин руханий жана маданий мурастарын илгерилетүү боюнча иш-чараларга катыша алат, дин, тарых жана маданият жаатындагы агартуучулук иш-чараларды жүзөгө ашырышат.

3. Мамлекет диний иштин субъекттеринин кайрымдуулук иштерине, ошондой эле коомдук маанилүү маданий-агартуу программаларын жана иш-чараларын жүзөгө ашырууга жардам жана колдоо көрсөтө алат.

38-берене. Өз иш-аракетин токтоткон диний иштин субъекттеринин мүлктөрүн тескөө

1. Ушул Мыйзамдын 35-беренесинде каралган негиздер боюнча диний иштин субъекттеринин иши токтотулган учурда, алардын менчигиндеги мүлктү тескөө алардын уставына (жобосуна) жана жарандык мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Диний иштин субъекттерине таандык болгон диний багыттагы предметтер жана объектилер карыздык милдеттенмелердин объектиси боло албайт жана кредитордун доосу боюнча өндүрүлбөйт.

## 4-глава
## Диний иштин субъекттеринин укуктары жана милдеттери

39-berene. Диний иштин субъекттери өткөрүүчү диний ырым-жырымдар жана чогулуштар

1. Диний иштин субъекттери өткөрүүчү диний ырым-жырымдар жана чогулуштар диний багыттагы объекттерде, зыярат кылуучу жерлерде, көрүстөндөрдө тоскоолдуксуз өткөрүлөт.

Диний ырым-жырымдарды жана чогулуштарды жасоо үчүн диний иштин субъекттери алар үчүн алгылыктуу жерлерди, анын ичинде тигил же бул динде ыйык деп эсептелген зыярат кылуучу жерлерди кармоого жана аларды пайдаланууга укуктуу

2. Кыргыз Республикасынын жарандарынын чет өлкөлөрдөгү ыйык жерлерге зыяратка баруусун уюштуруу диний уюмдун ал ыйгарым укук берген башкаруу органы тарабынан жүзөгө ашырылат.

Сауд Аравия Королдугунун аймагындагы ыйык жерлерге Кыргыз Республикасынын жарандарынын зыяратка баруусун (ажы, умра) уюштуруу жана алардын жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте катталган Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгына жүктөлөт

Алардын ведомстволор аралык жана эл аралык өз ара аракеттенүүсүн контролдоо жана координациялоо маселелери дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жүктөлөт

3. Диний иштин субъекттери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органга жана дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кабарлоо менен диний ырым-жырымдарды жана чогулуштарды, ошондой эле башка диний массалык иш-чараларды ушул максат үчүн арналбаган жерлерде өткөрүүгө укуктуу.

Диний иштин субъекттери тарабынан эскертилген диний иш-чараларды өткөрүү жөнүндө кабарлоо иш-чаранын ордун, датасын жана иш-чаранын кыскача сыпаттамасын (программасын) көрсөтүү менен иш-чара башталганга чейин 5 (беш) жумуш күн мурда жөнөтүлөт.

4. Кары-картаңдар жана майыптар үчүн үйлөрдөгү, жаза өтөөнүн түзөтүү мекемелериндеги, тергөө изоляторлорундагы, ошондой эле Куралдуу Күчтөрдүн бирикмелериндеги, бөлүктөрүндөгү жана бөлүмчөлөрүндөгү диний ырым-жырымдар, чогулуштар жана башка диний иш-чаралар алардагы адамдардын өтүнүчү боюнча, администрация тарабынан ушул максаттар үчүн атайын бөлүнгөн жайларда өткөрүлөт.

Бул мекемелердин администрациясы диний ишти чакырууга көмөк көрсөтөт, диний ырым-жырымдарды, чогулуштарды жана башка диний иш-чараларды өткөрүүнүн убактысын жана башка шарттарын аныктоого катышат. Мында дин ишмерлерин чакыруу дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен макулдашуу боюнча жүзөгө ашырылат

5. Диний ырым-жырымдарды аткарууга нике жана үй-бүлө, жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоо менен уруксат берилет.

Жашы жете электер менен диний нике кыюуну өткөргөн дин кызматкерлери кылмыш жоопкерчилигине тартылат.

6. Адамдарды динге ылайык көмүүнүн тартиби сөөк коюу иштери жана аза күтүү кызматтары жөнүндө мыйзамдар менен жөнгө салынат.

40-berene. Диний адабияттар, диний багыттагы материалдар жана предметтер

1. Диний уюмдар диний адабияттарды, башка диний басма, аудио, видеоматериалдарды, анын ичинде электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү, ошондой эле диний багыттагы башка предметтерди ушул Мыйзамда белгиленген тартипте чыгарууга, сатып алууга, сактоого, экспорттоого, импорттоого жана жайылтууга укуктуу.

Диний материалдарды Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келүү катталган диний уюмдар тарабынан гана ишке ашырылат.

2. Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган диний адабияттарга, башка диний басма, аудио-, видео материалдарга, анын ичинде электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү материалдарга мамлекеттик дин таануу экспертизасын дайындайт жана ишке ашырат.

Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда мамлекеттик дин таануу экспертизасын өткөрүүнүн мөөнөтү бир айдан ашпайт. Татаалдык деңгээлин жана материалдардын көлөмүн эске алуу менен экспертиза жүргүзүүнүн мөөнөтү бир айга узартылышы мүмкүн.

Диний адабияттар китепкана фондуларына түшкөн учурда мамлекеттик дин таануу экспертизасы милдеттүү түрдө жүргүзүлөт.

Мамлекеттик дин таануу экспертизасын жүргүзүүнүн тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

3. Диний уюмдар жана диний окуу жайлар тарабынан чыгарылган диний адабияттар, башка диний басма, аудио, видео материалдар, анын ичинде электрондук булактарда алардын расмий толук аталышы жана алардын конфессиялык таандыктыгы көрсөтүлгөн маркировкасы болууга тийиш.

4. Диний окуу жайларын кошпогондо, диний адабияттарды, башка диний басма, аудио-, видеоматериалдарды маалымат алып жүрүүчүлөрдөн көз карандысыз түрдө коомдук жайларда, ошондой эле турак жайларды кыдыруу жолу менен мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарда, мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарында таратууга тыюу салынат. Көрсөтүлгөн тыюу салууну бузган учурда күнөөлүү адамдар Укук бузуулар жөнүндө кодекске ылайык жоопкерчилик тартышат.

5. Диний иштин субъекттери, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттары жана маалыматтык интернет-агенттиктер өздөрүнүн сайттарында, мезгилдүү басылмаларда жарыяланган диний мүнөздөгү маалыматтык материалдардын мазмуну үчүн жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартышат.

6. “Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык аныкталуучу экстремисттик аракеттерге чакырыктар камтылган диний адабияттарды, башка диний басма, аудио-, видеоматериалдарды, анын ичинде электрондук алып жүрүүчүлөрдү алып келүүгө, даярдоого, жарыялоого, сактоого, ташууга, жөнөтүүгө жана жайылтууга тыюу салынат.

7. Кыргыз Республикасынын аймагында диний материалдарды жана буюмдарды өндүрүү, сатып алуу, сактоо, алып келүү, алып чыгуу жана жайылтуу тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат

41-берене. Диний иштин субъекттеринин эл аралык байланыштары

1. Диний иштин субъекттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ажыга баруу, диний билим алуу же башка диний иш-чараларга катышуу максатында эл аралык байланыштарды жана карым-катнаштарды түзүүгө жана кармап турууга, ошондой эле бул максаттар үчүн чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды чакырууга укуктуу.

2. Диний уюмдар Кыргыз Республикасынын жарандарын диний окуу жайларда окуу үчүн чет өлкөгө жиберүүгө жана чет өлкөлүк жарандарды, жарандыгы жок адамдарды Кыргыз Республикасынын аймагындагы диний окуу жайларда окууга кабыл алууга укуктуу, бул жөнүндө диний иштин субъекттери дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга, ошондой эле өз алдынча кетип жаткан Кыргыз Республикасынын жарандарына да кабарлайт.

42-берене. Диний уюмдарда, диний окуу жайларда эмгектик укук мамилелери

1. Диний уюмдарда, диний окуу жайларда, ошондой эле алар түзгөн ишканаларда, мекемелерде жана кайрымдуулук жайларында эмгек келишими боюнча иштеген жарандарга Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын колдонулушу жайылтылат.

2. Жарандардын, анын ичинде дин кызматкерлеринин диний уюмдарда, диний окуу жайларда иштөөдөн алган кирешелерине салык салуу Салык кодексине ылайык жүзөгө ашырылат.

43-берене. Диний уюмдарда, диний окуу жайларда иштеген жарандарды социалдык камсыздоо жана социалдык камсыздандыруу

1. Диний уюмдар жана диний окуу жайлар, алардын мекемелери жана ишканалары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана өлчөмдөрдө мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча чегерүүлөрдү жүргүзүшөт.

2. Диний уюмдарда, диний окуу жайларында иштеген бардык жарандарга пенсия социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык жалпы негизде дайындалат.

## 5-глава
## Ушул Мыйзамды аткарууну камсыз кылуу боюнча укуктук ченемдер

44-берене. Диний уюмдардын, диний окуу жайлардын, диний багыттагы объекттердин жана намаз жайларынын ишин контролдоо

1. Диний уюм, диний окуу жайы мыйзамдарда белгиленген тартипте бухгалтердик эсепти жана статистикалык отчеттуулукту жүргүзөт.

2. Диний уюм, диний окуу жайы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга (мамлекеттик статистика органдарына жана салык органдарына) салыктар жана расмий статистика жөнүндө мыйзамдардын талаптарына ылайык маалыматтарды жана мезгилдүү отчетторду берет.

3. Диний уюм, диний окуу жайы дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өзүнүн иши, анын ичинде диний багыттагы объекттер, диний окуу жайы үчүн жетекчи органдардын, кызматкерлердин, окутуучулардын жана студенттердин жеке курамы жөнүндө маалыматты, жыл сайын отчет, ошондой эле акча каражаттарынын чыгымдалышы жана башка мүлктөрдүн, анын ичинде эл аралык жана чет өлкөлүк уюмдардан, чет өлкөлүк жарандардан жана жарандыгы жок адамдардан алынган мүлктөрдүн пайдаланылышы жөнүндө документтерди берет. Аталган документтердин формалары жана берүү мөөнөттөрү каттоочу орган тарабынан аныкталат.

4. Диний уюмдун, диний окуу жайдын кирешелеринин өлчөмдөрү жана түзүмү, ошондой эле алардын мүлкүнүн өлчөмү жана курамы, чыгымдары, диний окуу жай үчүн кызматкерлердин, окутуучулардын жана студенттердин саны жана курамы, алардын эмгегине акы төлөө жөнүндө маалыматтар коммерциялык сырдын предмети болушу мүмкүн эмес.

5. Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана анын аймактык органдары диний иштин субъекттеринин, ошондой эле диний багыттагы объектилердин ишинин, алардын уставында (жобосунда) жана дин тутуу жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамдарда каралган максаттарга шайкештигин контролдойт.

Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана анын аймактык органдары төмөнкүлөргө укуктуу:

1) диний уюмдун башкаруу органдарынан, диний окуу жайдан алардын тескөөчү жана финансылык документтерин сурап-алууга;

2) диний уюмдун, диний окуу жайдын финансылык-чарбалык иши жөнүндө маалыматты мамлекеттик статистика органдарынан, салык органдарынан жана башка мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо органдарынан, ошондой эле банк мекемелеринен жана башка финансылык уюмдарынан сурап-алууга;

3) диний иштин субъекттери жүргүзгөн иш-чараларга катышуу үчүн өз өкүлдөрүн жиберүүгө;

4) жылына бир жолудан көп эмес диний иштин субъекттеринин, алардын диний багыттагы объекттеринин ишинин, анын ичинде акча каражаттарын чыгымдоо жана башка мүлктү пайдалануу боюнча анын уставында (жобосунда) каралган максаттарга ылайыктуулугун текшерүүнү жүргүзүүгө;

6. Диний иштин субъекттеринин, алардын диний багыттагы объекттеринин, намаз окуу жайларынын ишин текшерүү төмөнкү учурларда ишке ашырылат:

- дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын демилгеси боюнча, бирок жылына бир жолудан ашык эмес;

- жеке жана юридикалык жактардын кайрылуулары боюнча;

- мамлекеттик жана муниципалдык органдардын суроо-талабы боюнча.

7. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ушул Мыйзамдын 48-статьясында каралган тартипте жол берилген тартип бузууларды жана аны жоюу мөөнөтүн көрсөтүү менен жазуу жүзүндө эскертүү берет, мындай учурларда:

а) башка жоопкерчилик каралган тартип бузууларды кошпогондо, ушул Мыйзамдын талаптарынын бузулгандыгы аныкталса;

б) алардын уюштуруу максаттарына карама-каршы келген намаз жайларынын ээлери тарабынан диний иш-аракеттин субъекттери, алардын диний багыттагы объекттери тарабынан жасалганда, же болбосо

в) ушул берененин 3-бөлүгүнө ылайык диний уюм, диний окуу жай тарабынан белгиленген мөөнөттө ар жылдык отчет берилбесе.

45. Иш-аракетинин токтотулушуна жазуу жүзүндө эскертүү

1. Диний ишдин субъекттери, сыйынуучу жайлардын ээлери ушул Мыйзамдын талаптарын бузган же болбосо алардын уставына (жобосуна) карама-каршы келген, анын ичинде диний багыттагы объекттерде иш жүргүзгөн учурда дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аларга 60 (алтымыш) күнгө чейинки чектерде аларды жоюу мөөнөтүн көрсөтүү менен жазуу жүзүндө эскертүү жиберет.

2. Эгерде бузуулар ушул берененин 1-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттө четтетилбесе, дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган диний иштин субъекттеринин, алардын диний багыттагы объекттеринин же болбосо сыйынуу жайларынын ишин 90 (токсон) күнгө чейинки мөөнөткө токтотот. Бул чечим мыйзамда белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн.

3. Эгерде бузуулар ушул берененин 2-бөлүгүндө белгиленген токтото туруу мөөнөтүнүн ичинде четтетилбесе же бир календардык жылдын ичинде кайталап жасалса, анда дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган:

- мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгү бар диний иштин субъекттерине карата диний уюмду, диний окуу жайды жоюу жөнүндө арыз менен сотко кайрылат жана соттун чечиминин негизинде алардын ишин токтотуу жөнүндө Мамлекеттик реестрге тиешелүү жазуу киргизет;

- мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгү жок диний уюмдарга, чет өлкөлүк үгүтчүгө, диний багыттагы объекттерге, сыйынуу жайларына карата алардын ишин токтотуу жөнүндө чечим кабыл алат жана бул жөнүндө Мамлекеттик реестрге тиешелүү жазууну киргизет.

4. Диний иштин субъекттеринин иши “Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө” Мыйзамда каралган тартипте жана негиздер боюнча токтотулушу, жоюлушу, тыюу салынышы мүмкүн.

46-берене. Жазуу жүзүндөгү эскертүүнүн жана диний иштин субъекттеринин, диний багыттагы объектилердин жана сыйынуу жайларынын ишин токтото туруунун кесепеттери

1. Диний иштин субъекттери (анын ичинде диний багыттагы объекттерде), сыйынуу жайлардын ээлери тарабынан кетирилген тартип бузуулар жазуу жүзүндөгү эскертүүдө каралган белгиленген мөөнөттүн ичинде жоюлган учурда дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тартип бузууларды четтетүүнү белгилейт, бул жөнүндө тиешелүү акт түзүлөт.

2. Иши токтотулган учурда диний иштин субъекттери, диний багыттагы объекттер, сыйынуу жайлары диний жана башка ишти жүзөгө ашырууга, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана башка юридикалык жактардын уюштуруучусу катары чыгууга, бюджетке төлөмдөрдү, мамлекеттик бюджеттен тышкаркы фонддорго жана башка милдеттүү төлөмдөрдү, мурда түзүлгөн жарандык жана эмгек келишимдери боюнча эсептешүүлөрдү, алар тарабынан келтирилген зыяндын ордун толтурууну кошпогондо, учурдагы банктык (эсеп-кысабы) эсептен башка жактарга акча каражаттарын которууга укуксуз.

3. Ушул берененин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузуу дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга төмөнкүлөрдү аткаруусуна негиз болуп эсептелет:

- мамлекеттик каттоодон өткөн диний иштин субъекттерине карата диний уюмду, диний окуу жайды жоюу жөнүндө арыз менен сотко кайрылуу жана соттун чечиминин негизинде алардын ишин токтотуу жөнүндө Мамлекеттик реестрге тиешелүү жазуу киргизүү;

- мамлекеттик каттоосу жок диний уюмдарга, диний багыттагы объекттерге, сыйынуучу жайларга карата алардын ишин токтотуу жөнүндө чечим кабыл алуу жана бул жөнүндө Мамлекеттик реестрге тиешелүү жазуу киргизүү.

4. Эгерде диний иштин субъектисинин, диний багыттагы объекттин же сыйынуучу жайдын ишин токтото туруунун белгиленген мөөнөтүнүн ичинде тартип бузуулар четтетилсе, дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тартип бузууларды четтетүүнү белгилейт, бул жөнүндө тиешелүү акт түзүлөт жана анын негизинде 5 (беш) жумуш күндүн ичинде алардын ишин кайра калыбына келтирүү жөнүндө чечим кабыл алат.

## 6-глава. Корутунду жоболор

47-берене. Корутунду жоболор

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып 10 (он) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Министрлер Кабинети ушул Мыйзамдан келип чыгуучу зарыл ченемдик укуктук актыларды үч айдын ичинде кабыл алсын.

3. Ушул Мыйзамдын жоболорун оордотуучу же диний иштин субъекттерине жана диний багыттагы объекттерге жаңы милдеттенмелерди жүктөөчү ченемдери өткөн мезгилге карата колдонулбайт.

4. Сыйынуучу жайлардын, диний багыттагы объекттердин ээлери ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып бир жылдын ичинде аларды дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда эсептик каттоодон өткөрүүгө милдеттүү.

5. Ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин мурда берилген колдонуу мөөнөтү көрсөтүлбөгөн эсептик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктөр беш жылга чейинки мөөнөткө берилди деп таанылат.

6. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., №10, 1110-ст.);
- 2011-жылдын 15-июнундагы №46 “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, .... ж. № ..., ... –бер.);
- 2012-жылдын 7-декабрындагы № 196 “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, .... ж. № ..., ... –бер.);
- 2019-жылдын 21-декабрындагы № 140 “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, .... ж. № ..., ... –бер.);
- 2021-жылдын 22-майындагы № 63 “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, .... ж. № ..., ... –бер.);
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 14-ноябрындагы № УП-319 “Кыргыз Республикасынын жарандарынын абийир жана дин тутуу эркиндигине укуктарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, .... ж. № ..., ... –ст.);

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти**